*Башкарманын 2022-жылдын "___" __________ № ___ токтомуна*
**№ 1-тиркеме**

# "РСК Банк" ААКнун кардарлары-төлөм карталарынын ээлери үчүн Мобилдүү банкинг боюнча транзакцияларды жүргүзүүдө "Дубайда RSK 24 менен эс алуу" акциясынын эрежелери

1. **Жалпы жоболор**

1.1 Өткөрүлүп жаткан жарнама Акция лотерея оюну болуп саналбайт.

1.2. Жеңүүчүнү аныктоодо кокустан туш келүү принциби колдонулбайт (жеңүүчүнү эркин тандоону ишке ашыруучу алгоритмди колдонуу).

1.3. Акциянын уюштуруучусу болуп "РСК Банк" ААК саналат.

2. **Программанын максаты:**

2.1. Кардарларды "РСК Банк" ААК "РСК 24" Мобилдүү Банкингге туташуу жана колдонуу үчүн тартуу жана кызыктыруу.

2.2. «РСК 24» Мобилдүү банкинг кызматын пайдалануучулардын жана жүгүртүү санын көбөйтүү.

**3. Акцияны өтөрүү мөөнөтү**

**3.1. Акция 2022-жылдын 6-июлунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин өтөрүлөт жана төмөндөгүдөй орто аралык мөөнөттөргө бөлүнөт:**

**Аралык этаптар:** 1-этап 06.07.2022-ж. – 15.08.2022-ж.
2-этап 16.08.2022-ж. – 30.09.2022-ж.
3-этап 01.10.2022-ж. – 15.11.2022-ж.
4-этап 16.11.2022-ж. – 31.12.2022-ж.

**Негизги этап:** 06.07.2022-ж – 31.12.2022-ж.

4. **Акциянын катышуучулары**

4.1. Акцияга 18 жашка толгон, «РСК Банк» ААКнун төлөм карталарынын ээлери катыша алышат.

5. **<u>Акцияга катышуу тартиби</u>**

5.1. Акцияга катышуу үчүн акция мезгилинде Катышуучу “РСК Банк” ААКнун «РСК 24» Мобилдүү банкинг тиркмесине туташуусу жана нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүшү керек.

5.2. Төмөнкү операцияларды – төлөмдөрдү аткаруу аркылуу Акцияга катышууга болбойт:

- Өз эсептеринин ортосундагы которуулар;
- Суммаларды билип туруп бөлүү, мисалы: бир эле ошол ж.б кызмат үчүн бир Берүүчүнүн (поставщик) пайдасына бир нече (1ден ашкан) транзакциялар картанын түрүнө карабастан, күнүнө 1 транзакция катары гана эсепке алынат;
- Банктын кардарларынын эсептеринин ортосунда бири-бирине тез-тез которуулар күнүнө 3 (үч) которуудан ашпаган транзакциялар катары эсепке алынат.

**6. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун шарттары:**

6.1. Аралык этаптардын жеңүүчүлөрү төмөндөгүдөй болуп аныкталат:

- Ар бир аралык этапта Акция мезгилинде жүргүзүлгөн транзакциялардын максималдуу саны боюнча 1 жеңүүчү аныкталат, мында бир транзакциянын минималдуу суммасы 50 сомдон кем эмес болушу керек. Жалпысынан катышуучулардын ичинен 5 катышуучу жеңүүчү болот.
    - Бир эле кардар бир гана жолу орто аралык этаптын жеңүүчүсү боло алат. Бирок, ал Негизги этаптагы утушка катыша алат.

6.2. Негизги этаптын жеңүүчүсү төмөндөгүдөй болуп аныкталат:

- Акциянын толук мезгили ичинде бир кардар тарабынан жүргүзүлгөн транзакциялардын максималдуу саны боюнча 1 жеңүүчү аныкталат, мында бир транзакциянын минималдуу суммасы 50 сомдон кем болбошу керек.

**<u>7.Акциянын байге бюджети:</u>**

| **Этаптар** | **Байгелер** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1- этап | Ноутбук | 1 |
| 2- этап | Ноутбук | 1 |
| 3- этап | Ноутбук | 1 |
| 4- этап | Ноутбук | 1 |
| **Негизги этап** | Дубайга жолдомо | 1 |
| **<u>Жыйынтыгы</u>** | | **<u>6</u>** |

8. **Байгелерди тапшыруу:**

8.1. Ар бир этап аяктагандан кийин.

9. **Кошумча шарттар:**

9.1. Акцияга Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энелери, жубайлары, балдары) катыша алышпайт;

9.2. Акцияга катышуу жана анын шарттары менен макул болуу Катышуучунун ушул Эрежелердин 4, 5, 6-пункттарынын аткарылышы менен тастыкталат.

10. **Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:**

10.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлүп, анын курамы Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси-курамы Комиссиянын отурумунун протоколу менен тастыкталат жана Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

10.3. Башкарма төмөндөгүдөй чечимдердин бирин бир тараптуу тартипте кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Банк боюнча же белгилүү бир материалдар боюнча дагы кандайдыр бир жагдайларга байланыштуу Акцияны жүргүзүү ишин белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же токтотуп коюу.

10.4. Акциянын негизги жана орто аралыктагы жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылат.

10.5. Акциянын Катышуучусу байланыш маалыматтарын бергендиги жана берилген маалыматтардын тактыгы үчүн жоопту болот.

10.6. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10.7. Жеңүүчүнү өз убагында кабарлоого жолтоо болгон туура эмес көрсөтүлгөн маалымат-реквизиттер, уюлдук жана туруктуу байланыш операторлор тармагындагы кайсы болбосун мүчүлүштүктөр үчүн Банк жооп бербейт.